**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOLOGY

**e-ISSN:**
№1(1)/2023, 22-29

**УДК:**
**DOI:**

# СТУДЕНТТЕРДИН КЕП МАДАНИЯТЫН КЕПТИК КОММУНИКАЦИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ КАЛЫПТАНДЫРУУ

## ФОРМИРОВАНИЕ РЕЧЕВОГО КОММУНИКАЦИИ УЧАЩИХСЯ НА ОСНОВЕ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ

## FORMATION OF SPEECH COMMUNICATION OF STUDENTS

**Батырова Ташхон Темировна**
*Батырова Ташхон Темировна*
*Batyrova Tashkon Temirovna*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
batyrovatashkan72@gmail.com

**Бапышова Анаргүл Жапаровна**
*Бапышова Анаргул Жапаровна*
*Bapyshova Anargul Japarovna*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*

# СТУДЕНТТЕРДИН КЕП МАДАНИЯТЫН КЕПТИК КОММУНИКАЦИЯНЫН НЕГИЗИНДЕ КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Аннотация**

Бул макалада кеп коммуникациясынын жүрүшүндө студенттердин кеп маданиятынын деңгээли, өнүгүүсү жана калыптануусуна кедергисин тийгизген айрым маселелер каралат. Ошондой эле коомдун талабына ылайык студенттин кеп маданиятынын жалпы нормалары изилденет. Кеп маданиятынын калыптандырууга зарыл болгон жалпы аспектилер аныкталат. Азыркы мезгилде дүйнө жүзүндөгү болуп жаткан түрдүү өзгөрүүлөр кеп коммуникациясынын функцияларын кыйла кеңейтти. Бүгүнкү күндө кеп коммуникациясы – "байланыш" - маалыматтык мүнөзгө ээ болгон карым-катыш процесси болсо, "маалымат" - иштин ал-жайы тууралуу, бир нерсенин ал-абалын билдирүү, ошондой эле маданияттар аралык байланыштын негизги каражаты катары эсептелет. Демек, кеп коммуникациясынын негизинде кеп маданиятын калыптандыруу - заманбап компетенттүү мугалимдин кесипкөйлүгүн, жалпы жана кесиптик маданиятынын негизги компоненттеринин бири болуп саналат.

***Ачкыч сөздөр:*** кеп маданияты, кеп коммуникациясы, сүйлөө, маалымат алмашуу, компетенттүү, коммуникативдүү жөндөм, кесиптик жөндөм.

---

## *ФОРМИРОВАНИЕ РЕЧЕВОГО КОММУНИКАЦИИ УЧАЩИХСЯ НА ОСНОВЕ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ*

**Аннотация**
В данной статье рассматриваются некоторые вопросы, препятствующие уровню, развитию и формированию речевой культуры у студентов в процессе речевого общения. Также изучаются общие нормы речевой культуры студента, удовлетворяющие запросы общества. Определяются общие аспекты речевой культуры, которые необходимо учитывать. В настоящее время различные изменения, происходящие во всем мире, значительно расширили функции речевой коммуникации. Сегодня речевая коммуникация – "общение" -это процесс взаимодействия, носящий информационный характер, а "информация" - это передача данных о прошедшем в данной сфере деятельности, о состоянии чего-либо, а также ее использование в качестве основного средства межкультурного общения. Следовательно, речевая культура в контексте речевой коммуникации - одна из основных составляющих профессиональной культуры современного человека.

***Ключевые слова:*** культура речи, речевая коммуникация, речь, обмен информацией, компетентность, коммуникативные навыки, профессиональные навыки.

## *FORMATION OF SPEECH COMMUNICATION OF STUDENTS*

**Abstract**
This article discusses some issues that hinder the level, development and formation of speech culture among students in the process of speech communication. The general norms of teacher speech culture that satisfy the needs of society are also studied. General aspects of speech culture that need to be taken into account are identified. Currently, various changes occurring throughout the world have significantly expanded the functions of speech communication. Today, speech communication - "communication" - is an interaction process of an informational nature, and "information" is the transfer of data about what has happened in a given field of activity, about the state of something, as well as its use as the main means of intercultural communication. Consequently, speech culture in the context of speech communication is one of the main components of the professional culture of a modern person.

***Keywords:*** speech culture, speech communication, speech, information exchange, competence, teacher, communication skills, professional skills.

**Киришүү**

Акыркы убактардагы дүйнө жүзүндөгү болгон өзгөрүүлөр билим берүү жаатында да олуттуу өзгөрүүлөрдү пайда кылды. Билим берүүдө бир гана кесиптик жагы каралбастан, ар тараптуу, компетенттүү адистерди даярдоо - мезгилдин талабы. Бул макалада студенттердин кеп маданиятын кептик коммуникациясынын негизинде өстүрүүгө басым жасадык. Демек студенттин келечектеги кесипкөй, компетенттүү, ийгиликтүү адис болуусу үчүн коомдогу адамдар менен болгон байланышы негизги орунда турат.

Кеп коммуникациясы ЖОЖдун жана колледждердин студенттерин адистиктерге даярдоодо эң зарыл болуп эсептелет. Замандын талабына жараша кесипкөй адистерди даярдоодо кеп коммуникациясынын орду чоң. Келечектеги адис өзүнүн багытында билимин, илимий түшүнүктөрүн так аткаруу милдети турат. Айланасындагы адамдар менен мамиле түзүүдө, ишин талаптагыдай аткарууда, кеп коммуникациясын, кеп маданиятын жакшы өздөштүрүү муктаждыгы бар. Алгач “коммуникация” деген терминге түшүндүрмө берип, тилдик маанисин талдасак болот. Анткени коммуникация көп жактуу философия, социология, психология, педагогика илимдеринде бул түшүнүк алда качан изилденген түшүнүктөрдүн бири болуп эсептелет. “Коммуникация” сөзү латын тилинен communico – “байланыштырамын” деген сөзүнөн келип чыккан.

**Изилдөө ыкмалары.** Илимий адабияттарга таянсак, бир канча энциклопедиялык сөздүктөрдө “коммуникация” термини – кабар берүү, билдирүү жолу, баарлашуу деп берилет. Мындай пикирди орус окумуштууларынан Л.С.Выготский, В.Н.Курбатов, А.А.Леонтьев жана Колен Черри, Толкотт Парсонстор жактап келишет. Ал эми, белгилүү орус окумуштуусу, философ Моисей С. Каган “коммуникация” терминининин эки маанисин ачып көрсөткөн:

1) ал практикалык, материалдык, руханий, маалыматтык мүнөздөгү байланыш. Мындай учурда коммуникация – жөн гана жаңылык, маалымат берүү процесси болуп саналат;

2) коммуникация – субъект катары маалымат берүүчү болсо, объект – кабылдагыч катары берилген маалыматты кабыл алат, анын тегерегинде ой жүгүртөт жана турмушта колдонот (Акматбекова, 2011, б.141; Сейитбекова ж-а Мирзакматова, 2022).

Окумуштуу Ж.Акматбекованын пикирине таянсак, «байланыш» – тек гана оозеки кептин жардамы менен адамдардын өз ара алака, карым-катышынын натыйжасында алардын ишмердүүлүктөрүн чагылдырган маалымат процесси болуп саналат. Калган учурдагы мамилелерди «социалдык коммуникация» термини менен туюнтууга болот. Натыйжада, коммуникация – жөн гана маалымат алмашуу болсо, кеңири мааниде «социалдык коммуникация» коом ичинде маалымат алмашуу, ал эми байланыш коомдогу оозеки байланыш болуп саналат. Учурда эл аралык байланыштардын, инновациялык технологиялардын өнүгүүсүнө байланыштуу, заманбап билим берүү системасын коомдун талабына ылайык өзгөртүү муктаждыгы жогорулады. Мындай учурда адамдар менен гумандуу байланыштын негизиндеги кеп маданиятын калыптандыруу стратегиясына өзгөчө көңүл буруу керек.

Адамдын коммуникацияга, башкача айтканда баарлашууга болгон жөндөмдүүлүгү психология илиминде “коммуникативдүүлүк” деп аталат. Коммуникативдүүлүк – бул адамдын ар кандай аракетинин мотивдешкендиги, сырткы стимулдашуудан эмес, ички ниет аркылуу аракеттин келип чыгышы. Изилдөөлөрдө “коммуникативдүүлүк” түшүнүгү боюнча

бир нечелеген аныктамалар келтирилген. Биздин оюбузча төмөнкү аныктама бул түшүнүктүн маани-маңызын толук чагылдырып турат: коммуникативдүүлүк – бул жөндөмдүүлүк, коммуникацияга (баарлашуу учурунда маалыматты берүүгө), контакт түзүүгө, баарлашуу үчүн байланыш түзүүгө болгон ынтаа (Абдырахманов жана Ногаев, 2011, б.114; Ниязова, 2021а, 2021б).

Коммуникация түшүнүгү коомдо аралашуу, ой, билим, сезим, кулк-мүнөз, адеп жана башкалар менен болгон карым-катышын түшүндүрөт. Адам менен адам мамиле түзүүдө жогорудагы сапаттар, алардын байланышы, ишке ашуусу маанилүү болуп саналат. Ушул иш-аракеттердин карым-катышынын натыйжасында кеп коммуникациясынын аткарылышы көз каранды деп белгилөөгө болот. Кеп коммуникациясы коомдогу адамдардын бири-бирине байланышууга муктаж болгон зарылдыктын натыйжаларында көрүнөт. Демек, ЖОЖдун жана колледждин студенттерине кеп комуникациясын окутууда кесиптик чөйрөсүн, коомдо адамдар менен байланышуу мамилелеринин натыйжаларын эске алуу менен окутуу зарылдыгы турат.

Кеп маданияты - бул термин, негизинен, сүйлөшүүнүн, жаза билүүнүн негиздерин, сапаттарын, теориялык жагдайларын, категориялык талаптарын, нормаларын изилдеген илимдин аталышын туюндурат. Кеп маданиятын өсүп-өнүктүрүүдө жана калыптандырууда, сапаттарын, теориялык жагдайларын, категориялык талаптарын, нормаларын изилдөөгө көптөгөн окумуштуулар тарабынан көңүл бурулган. Алар: В.А.Кан-Калик, Н.В.Кузьмина, А.А. Леонтьев, В.С. Грехнев, А.В. Мудрик ж.б.у.с. Бул окумуштуулардын илимий эмгектеринде педагогдун кеп маданияты анын компетенттүүлүгүнүн жана коом менен мамилелешүүсүнүн негизги көрсөткүчү болорун белгилешет. Болочок адистин кесиптик өзгөчөлүгүнүн негизги компоненттеринин бири болгон кеп маданияты жогоруда айтылгандардан тышкары, тил системасын жана пикир алышуунун негизги түрлөрүн, байланыштын жалпы эрежелерин жана тилдин функционалдык стилдерин билүүнү камтыйт. Мисалы, келечектеги педагог адистердин кеп маданиятынын негизги компоненттерине төмөнкүлөр кирет:

- коммуникативдик кырдаалды уюштуруу жана башкаруу;
- жалпы жана атайын терминологияны билүү;
- кесиптик темада презентация жасай билүү;
- кесиптик маселелер боюнча адис эмес адамдар менен байланышуу (Руденский, 1997, б.156).

Бүгүнкү күндө кеп маданиятын коомдогу адамдар менен пикир алышууну жакшыртуу үчүн коммуникациялык сапаттардын чегинде колдоно билүү - компетенттүү адистин негизги милдети. Демек, кеп маданиятын окутуунун негизги максатына студенттердин коммуникациялык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү менен гана жетишүүгө болот. Сүйлөшүүнүн коммуникативдик сапаттарына: анын тууралыгы, тазалыгы, түшүнүктүүлүгү, образдуулугу, адептүүлүгү, орундуулугу, таасирдүүлүгү кирет. Кеп маданияты мына ушул маселелерди изилдейт. Кеп маданияты адамдардын сүйлөшүү маданиятын жана алардын жалпы эле маданиятын, адеп-ахлагын, ички жан дүйнөсүн өнүктүрүү максатын көздөйт (Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы, 2015, б. 256).

Заманбап адис кандай жагдай болбосун адамдардын ортосундагы мамилелерди жакшыртууда, ар кандай көйгөйлөрдү чечүүдө психологиялык жактан даяр болот. Кеп

маданиятынын ишке ашуусунда анын сапатына коюлуучу талаптар адистин сүйлөгөн кебине, анын тараптар менен активдүү иш алып барууну камсыз кылгандыгына көз каранды. Анткени, бул кадам адистин кесипкөйлүгүн өркүндөтүп, натыйжада коомчулук менен алып барып жаткан иш-аракеттерин сапаттуу уюштурууга жардам болот.

Кеп маданиятын ишке ашырууда студенттердин коммуникативдик жөндөмдөрүнө, билимдерине, билгичтиктерине да көнүл буруу зарыл. Окумуштуу Ч.Ш. Омурзакова белгилегендей, билим берүү системасында коммуникативдүү компетенттүүлүктүн негизинде билгичтиктер сүйлөө маданиыятынын калыптанышына таасир этет.

Коммуникативдүү билгичтиктер – булар:

- кабар текстин адекваттуу формага уюштуруу;
- кептик билгичтиктер;
- ички жана сырткы пайда болууну гармониялаштыруу;
- тескери байланышты алуу билгичтиги, коммуникативдүү тоскоолдуктардан өтө алуу билгичтиги ж.б.

Мындан тышкары, төмөнкүдөй билгичтиктер дагы коммуникативдүү билгичиктин негизги элементтеринен болуп эсептелет:

- гумандуу, демокративдүү негизде баарлашуунун уюштуруу, ыңгайлуу эмоционалдык-психологиялык атмосфераны түзүү билгичтиги;
- өзүн-өзү текшерүү жана өзүн-өзү жолго салуу билгичтиктери;
- карым-катнашты түзүү билгичтиги;
- профессионалдык этиканын принциптерин жана эрежелерин колдонуу билгичтиги;
- баарлашуу учурунда өнөктөштүн жүрүм-турумун адекваттуу кабыл алуу жана баалоо билгичтиги;
- баарлашуучунун абалын, каалоосун жана жүрүм-турум мотивин вербалдуу эмес сигналдар аркылуу аныктоо билгичтиги;
- баарлашууга жагымдуу таасир калтыруу билгичтиги (Омурзакова, 2021, б.45).

Студенттин кептик коммуникациянын шарттарында коомчулук менен болгон байланышынын эффективдүүлүгүнө таасир тийгизген, анын сүйлөө жөндөмүнүн деңгээлин чагылдырган кеп маданияты үчүн бир катар талаптар коюлат:

- так сүйлөө (морфологиялык, синтаксистик, орфоэпиялык жана адабий тилдин башка нормаларын эркин сүйлөө);
- таза сүйлөө (жаргон жана диалектизмдер, карапайым сөздөр ж.б.);
- көркөм сүйлөө (педагогдун кеп маданиятында зарыл болгон тил каражаттарын кебинде колдонуу);
- пикир алышуудагы жөндөмдүүлүгү (байланыш жагдайынын адабий тилдин нормаларына дал келиши);
- логикалык жактан так жана системалуу сүйлөө (ырааттуулук, түшүнүктүү жана педагогдун сүйлөгөн сөзүнүн чаржайыт эместиги) болуп эсептелет (Введенская жана Черкасова, 2004, б.137).

Ал эми изилдөөбүздүн негизинде студенттердин болочок адис катары калыптануусунасаресеп салып, жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын сүйлөө талаптары менен

квалификациялуу адистердин кеп маданиятын жүргүзүүдө олуттуу көңүл бура турган жагдайлар бар деген жыйынтыкка келдик. Кеп коммуникациясынын негизинде кеп маданиятын калыптандыруу жаатындагы акыркы изилдөөлөр, биз көтөрүп жаткан көйгөйдүн изилденишинин жеткилең эместигин көрсөтүп турат. Бул жагдай келечектеги түрдүү кесипке ээ боло турган студенттерди адистикке даярдоонун жүрүшүндө кеп маданиятын өнүктүрүүгө ырааттуу мамиленин жоктугу менен түшүндүрүлөт. Илимий изилдөөлөрдөн байкалгандай, студенттердин көпчүлүгүнүн кеп маданиятын оозеки сүйлөөдөгү деңгээли менен байланыштырса болот. Адабий тилдин нормаларын сактап, кеп байлыгын, көркөмдүүлүгүн жана логикалык ырааттуулугун көрсөтүп, өз ойлорун адабий тилде айта алган студенттер азчылыкты түзүшөт. Кеп маданиятынын ишке ашуусу канааттандырарлык деңгээлде болуп, баарлашуу процессинде көп учурда ийгиликке жетпөөсүн белгилейт. Себеби, кеп маданиятына үйрөнүүдө окутуучулар менен студенттердин кеп коммуникациясынын практикалык жактан колдонууда көйгөйлөр бар. Бул коммуникациялык көндүмдөрдүн өнүгүшүнө тоскоол болот.

Жыйынтыктар жана талкуулоолор. Заманбап билим берүүдө жогорку жана орто окуу жайларында түрдүү кырдаалдарда коммуникативдик көндүмдөрдү, билимди өркүндөтүү жана турмушта колдонууну калыптандыруу стратегиялары колдонулат. Анткени, коммуникативдүү адам кырдаалга бат адаптацияланат, социалдык жүрүм-турумдун вербалдык жана вербалдык эмес каражаттарын максаттуу түрдө колдоно алат. Коммуникативдүүлүктү калыптандырууда негизги булак болуп тажрыйба, жалпы эрудиция жана атайын илимий методдор эсептелерин адистер белгилешет. Ушулардын бардыгы адам үчүн субъектвдүү маанилүү, бирок булардын ичинен маанилүүсү болуп тажрыйба эсептелет. Тажрыйбаны талкуулоодо негизги орунду инсан аралык баарлашуу ээлейт (Жусупова, 2021; Омурзакова, 2021, б.46). Бул жагдай студенттер алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө калыптануу, же аны келечегине байланыштыра алуу менен аныкталат. Анткени билимди практикалык жактан өнүктүрүүгө жана сүйлөө маданиятынын өнүгүшүнө эмес, теориялык билимди топтоого, тагыраак айтканда, лексиканы байытууга жана грамматиканы өздөштүрүүгө алып келет.

Студенттердин кеп маданиятын калыптандыруу, өстүрүү аспектилерине коммуникациянын эң маанилүү критерийлеринин бири болгон сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү кирет. Мында студенттердин өздөрүнүн жана тайпалаштарынын сүйлөгөн кебин угуу, бири-бирине талдоо берүү жөндөмүн өнүктүрүү, байланыштын жүрүшүн көзөмөлдөө, артыкчылыктарын жана кемчиликтерин белгилөө каралат. Ошондой студенттердин кеп маданиятындагы негизги милдеттердин бири - сүйлөө жөндөмүнүн бузулушунун мүнөзүн жана себептерин аныктоо. Демек, коммуникативдүү жөндөмдүүлүктөр – студенттердин өз алдынча психологиялык касиеттери, булар коммуникативдүү ишмердүүлүктүн талаптарына жооп берүү менен байланыштын тез ишке ашышын камсыз кылат (Фоменко, 1994, б. 46).

Белгилей кетсек, билим берүү системасы жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон, ой жүгүртүүгө жөндөмдүү чыгармачыл инсанды, заманбап адистерди тарбиялоого багытталган. Бирок билим берүү ишинде кеп маданиятынын негиздерин калыптандыруу боюнча иш-аракеттер аз. Мындан тышкары, коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруунун учурдагы абалы, окутулушу коомдогу кеп маданиятынын деңгээлинин төмөндөшүнүн себептерин изилдөөгө алып келүүчү замандын жашоо талаптарына, максаттарына жооп бербейт.

Мезгилдин ар тараптан өнүгүүсү, сабаттуулуктун кескин төмөндөшү, адабий тилдик нормаларды этибарга албоо, адамдын кеп байлыгынын жардылыгы, айтайын деген оюн так билдире албастыгы, тилдик каражаттарынын пайдаланылышы жана оозеки сүйлөшүү стили менен мүнөздөлөт. Окумуштуу П.Н. Осипов студенттердин кеп маданиятынын деңгээлин талдап, аларда өз ара пикир алышуунун деңгээлининин төмөндүгү, ой жүгүртүүнүн жеткиликтүү эместиги, ойлорун так жана туура билдире албастыгы, өз алдынча билим алууга аракеттин жоктугун кеп маданиятынын төмөндөшүнүн негизги себептери деп атаган (Осипов жана Богданова, 2011, б.19 - 22.).

Ошондой эле кеп маданиятынын төмөндөшүнүн себептерине коммуникациялык процессте теориялык билимдердин колдонулбагандыгы активдүү лексиканын чектелүүсүнө алып келет. Мында адабий тилдин нормасында сүйлөбөө, коомдогу белгилүү адамдардын сабатсыз сүйлөөсүнүн таасири, ар кандай массалык маалымат каражаттарына болгон ишеним, сүйлөй алуучуларга урмат көрсөтпөө, жаштардын жаргондорду көп пайдалануусун айтсак болот. Бул студенттердин сүйлөө маданиятынын төмөндүгүнөн келип чыгат. Жогорудагы ушул жагдайлар билим берүү системасында кеп маданиятын окутууда кептик коммуникацияга негизделген окутуунун инновациялык ыкмаларын активдүү киргизүүнү талап кылат. Билим берүүдө кеп жөндөмүн өнүктүрүүгө коммуникациялык жагдайды симуляциялаган окутуунун жигердүү ыкмаларын колдонуу жардам берет. Бул ыкмаларга дебаттар жана талкуулар, дидактикалык жана сабакта колдонулган грамматикалык оюндар, ошондой эле эл алдында чыгып сүйлөөнүн үлгүлөрүн аткаруу, анализдей турган кырдаалдарды моделдештирүү сунуш кылынат. Ошондой эле студенттердин кеп маданиятын өнүктүрүп, таанып-билүү ишмердүүлүгүн стимулдаштырып, жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтөт.

**Корутунду**

Ошентип, студенттердин кеп маданияты теориялык билимдерди өздөштүрүүдө гана эмес, пикир алышуу, маектешүүлөргө кызыгуусун активдештирүү, кептик каталарын оңдоо жана натыйжалуу сүйлөө аракетине көнүгүү десек болот. Максатка жетүүдөгү кесиптик иш-аракеттер үчүн кооз сүйлөө гана жетишсиз. Анткени пикир алышуунун иш-аракеттерин координациялоого жана тууралоого мүмкүндүк берген белгилүү бир принциптерди сактоо керек. Кесиптик ишмердүүлүктүн калыптанышы, кеп маданиятынын жогорку деңгээли, жогорку окуу жайындагы жана колледждеги окутуу процессинде калыптанган студенттин инсандыгынын маанилүү компоненттери деп айтууга болот. Бирок акыркы мезгилдерде болуп жаткан глобалдык өзгөрүүлөр, кесиптик билим берүүнүн учурдагы системасына таасирин тийгизип, өзгөртүү зарылдыгын негиздейт. Тактап айтканда, келечекте жетиштүү пикир алышууну, байланышты камсыз кыла алган коммуникативдүү, демилгелүү адисти тарбиялоо талабы турат. Изилдөөлөрдөн көрсөткөндөй, жогорку окуу жайдын жана колледждин түрдүү адистигинин бүтүрүүчүлөрү коммуникативдик-сүйлөө компетенциясынын зарыл билимдерин толук бойдон билишпейт. Ошондуктан, билим берүү процессинде кеп маданиятын калыптандыруу стратегиясын жаңылоо зарылдыгы өзгөчө актуалдуу.

**Адабияттар**


Абдырахманов, Т.А., и Ногаев, М.А. (2011). *Компетентностный подход в современном образовании.* (Учебное пособие). Бишкек.

Акматбекова, Ж. (2011). *Коммуникациянын башаты.* Бишкек.

Введенская, Л.А., и Черкасова, М.Н. (2004). *Русский язык и культура речи.* Ростов-на-Дону: “Феникс”.

Жусупова, Д.Ы. (2021). Окуу процессинде студенттердин кеп маданиятын калыптандыруу. *Вестник Ошского государственного университета*. Vol. 3, No. 4, сс. 176-183. EDN: ERXGET.

*Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы.* (2015). Бишкек: Аврасия Пресс.

Ниязова, Ж.Д. (2021а). Медициналык педагогика жана студенттин англис тилинде кесиптик байланыш кебин калыптандыруунун практикалык мазмуну. *Вестник Ошского государственного университета*. Vol. 2, No. 4, сс. 367-374. DOI: 10.52754/16947452_2021_2_4_367. EDN: PPWYSV.

Ниязова, Ж.Д. (2021б). Кыргызстанда медициналык багыттарда студенттердин кесиптик байланыш кебин остүрүүнүн методологиясы жана коммуникативдик компетенцияларды калыптандыруу. *Вестник Ошского государственного университета*. Vol. 2, No. 4, сс. 375-383. DOI: 10.52754/16947452_2021_2_4_375. EDN: ZCABAY.

Омурзакова, Ч.Ш. (2021). “Коммуникативдүү компетенттүүлүк” түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду. *Известия КАО, №4(36), 45-50 бб.*

Осипов, П.Н., Богданова И.Н. (2011). “Использование воспитательного потенциала дисциплины “Русский язык и культура речи” в стимулировании самовоспитания студентов”. *Гуманитарные науки и образование.* 19-22.

Руденский, Е.В. (1997). *Основы психотехники общения менеджера: учебное пособие.* Москва: ИНФРА-М; Новосибирск: НГАЭиУ.

Сейитбекова, С., & Мирзакматова, О. (2022). Язык, культура и коммуникация. *Вестник Ошского государственного университета*, (2), 200-206. https://doi.org/10.52754/16947452_2022_2_200. EDN: XCWKNW.

Фоменко, Ю.В. (1994). *Типы речевых ошибок.* Новосибирск: Изд- во НГПУ.